Бишкек шаары

Биринчи май району

№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби

# Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси

## Тема: Эскерүү-кече “ Үркүнгө-100 жыл”

**Класс: 10-в,9-г,8-б**

## Мугалим: Болотканова Ч.Ж.

## 2019-2020-окуу жылы

**Үркүндү эскерүү кечеси**

**Максаты: Окуучуларга кыргыз элинин тарыхындагы эн кайгылуу учур- Үркүн жөнүндө маалымат берүү**

**Жабдыктар:Үркүн жөнүндөгү видеофильм,Эмиль Балтагуловдун “ Үркүн” клиби.**

**Алып баруучу: Саламатсыздарбы,бүгүнкү эскерүү кечесинин катышуучулары!**

**Былтыркы кезде жергебизде Үркүн окуясынын 100 жылдыгы болуп өттү.**

**Ооба,ал кезден бери туура бир кылым өттү,бирок ошол каргашалуу окуя өзүнүн артында канчалаган кайгы-капаны,жалпы журттун башына түшкөн оор турмушту алып келген,нечендеген кыздар,энелер,аталар,жаш наристелер ошо үркүндө набыт болушкан.Аларды эскерүү,аларга таазим кылуу-бул биздин милдетибиз.Өткөндөр эскерилбесе-тирүүлөр баркталбайт.**

**Өйдө туруп эскерип коелу.( 1мүнөт)**

**Үркүн жөнүндө видеофильм көрсөтүлөт.**

**Алып баруучу: Үркүн-бул Кыргызстандын аймагындагы 1916-жылдагы кыргыз элинин орус падышачылыгынын колониялык саясатына каршы улуттук-боштондук күрөшү .Падыша өкмөтү жергиликтүү элдин кызыкчылыктарын эске алган эмес,алардын жерлерин,малдарын,жакшы буюмдарын согушка деген шылтоо менен тартып алып турушкан.Ошондой эле жергиликтүү элдин маданиятын,каада-салттарын,динин,тилин басмырлоосу да түрткү болгон.**

**Алып баруучу: Падышанын жазалоочу отряды буларга баш ибегендерди аесуз кырган ,ошондуктан эл айласыздан Кытай тарапты көздөй качышкан.**

**Ал жакка бара жатып эл бийик-бийик тоолордон,аскалардан,агымы терен суулардан кечип өтүшкөн.Жолдо бара жатып көбү сууктан,ачарчылыктан кырылган.Көбү Кытай жериндеги соодагерлердин олжосу болгон.**

**Алып баруучу: Октябрь революциясынын женишин угуп тенчилик заман орноду деп өлгөндөн калган эл 1917-жылдан кийин кайра мекенине кайтып**

**келе башташкан.Бул окуя тарыхта Үркүн деген ат менен белгилүү болуп калган.**

**Алып баруучу:Үркүн көп кайгылуу,адам чыдагыс окуялар менен коштолгон.**

**Кыргыз жазуучуларынын чыгармаларында да бул тема козголбой коюлган эмес.Сиздердин назарыныздарга Касымалы Баялиновдун " Ажар"повестинен алынган бир көрүнүш.**

**Алып баруучу: Ажар 1916-жылкы үркүндө кытай соодагерине сатылган кыргыз кыздарынын бири.Атасы Айткулу үркүндө окко учкан,апасы Батма кытай жерине бараткандa өлгөн.Үркүндө Турпанга барып томолой жетим калган.Ажар алыс тууганы Козубайдын колунда калат.Алар Турпандык Сабитахун деген адамдын ат кепесинде эптеп кыштан чыгышат.Болбогон чыгымдары үчүн Сабитахун Ажарды алып калган.Андан кийин ал " Чыр"деген дунганга Ажарды саткан.Чыр деген дунган Ажарды аялдыкка алайын дегенде Ажар макул болбой качып кетет.**

**Ажардын апасынын мүрзөсүндөгү ыйы:**

**9-г класстын окуучусу Мирончeнко Наташа аткарат**

**Алып баруучу:Ажардыкындай тагдырлар аябай көп болгон.Эчен эл ата-энесинен,жакындарынан,бала-чакасынан айрылышкан,ит-кушка жем болушкан.**

**Эмил Балтагуловдун " Кайран эл" деген клиби жанырат**

**Сахна тарапта инценировка көрсөтүлөт:**

**Элдердин  ары-бери басышы.( Үркүндөгү көрүнүштүн сүрөттөлүшү)**

**Алып баруучу: Бул каргашалуу окуяны тарыхтан өчүрүп салуу мүмкүн эмес.Биздин милдет-аларды эскерүү жана мындай  ааламаттын кайталанышына жол бербөө!**

**Алып баруучу: Ушуну менен эскерүү кечебиз аягына чыкты.Көнүл бургандарыныз үчүн ыраазычылыгыбызды билдиребиз.**